**Изденүүчү Мамырова Махабат Каримовна 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1990-2016-жылдар)» деген темадагы диссертациялык ишине илимий жетекчисинин**

# п и к и р и

Диссертацияда Кыргыз Республикасынын түштүк областарындагы (Ош, Баткен, Жалал-Абад) эгемен доордогу гезиттердин онүгүү процесси изилденди. Басма сөздүн теориялык базасын аныктаган илимий эмгектер иликтенип, улуттук маалымат тармагындагы тарыхый этаптар белгиленди. Методологиясы аныкталды – иште колдоно турган ыкмалар көрсөтүлдү.

Басма сөз тармакты изилдеген эмгектер профессионалдык деңгелде өздоштүрүлдү. Европанын авторлору - Эрих Фихтелиус, Удо Ульфкотте, Дэвид Рэндалл, Карстен Бредемайер, Уильям Бернстайн, Боб Вудворт. Россиядан - В.Ворошилов, С.Корконосенко, А,Тертычный, Е.Ахмадулин, А.Грабельников, В.Соловей, А. Тепляшина, Т.Гордиенко, Б.Мисонжников, А.Ким. Кыргызстандан - Т.Мамбетсариев, А.Кацев, А.Князев, А.Асанова, К.Мамбеталиев, В.Сабирова, Н.Жумагазиева, Ж.Акматбекова, Б. Орунбеков, Ж.Туралиев, Б.Орунбеков, А.Тумөнбаев, Г.Ибраева, С.Куликова.

Аталган эмгектерде басма создүн материалы регионалдык багытта каралган эмес. Диссертант түштүк региондун гезиттерин ушул багытта изилдеп чыкты.

Диссертацияга кирген материалдар басма сөз тармагына ылайык келген ыкмалар аркылуу иликтенди. Калыптанган терминдер менен айтсак – бул «сравнительно-исторический, сопоставительно-типологический жана структурно-функциональный» деп аталган методдор. Диссертант түштүк региондогу басма сөз каражаттарын анализдеп, жергиликтүү гезиттерди системдүү түрдө изилдеди. Окшош жактары жана айырмасы бар жерлерин салыштырма метод менен талдады.

Диссертант түштүк региондогу басма создүн экстремалдык учурларда алып барган иш-аракетин көрсөттү. Бул 1990-жылдагы Ош окуясы, 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясы, 2002-жылы болгон Аксы окуясы. Ыңкылап учурларды (март 2005, апрель 2010, июнь 2010) чагылдырган түштүк региондогу журналисттердин макалалары иликтенди. Трагедиялык окуялардын контекстинде региондун басма сөзү буга чейин илимий көз караш менен иликтенген эмес.

Медиа′ тармакты көзөмөл кылган мониторингтердин отчетторун изилдеп, автор түштүк региондун басма сөзүнө тиешелүү фактыларды карады. Буга чейин була тармак илимий эмгектерде каралган эмес.

Автор медиа каражаттарга каршы берилген арыздарды караган коомдук комиссиянын материалдарын да биринчи жолу илимий чөйрөгө киргизип, булардын түштүк регионго тийиштүү жерлерин иликтеп чыкты. Медиа каражаттарга каршы болгон наарызычылыктарды белгилеш үчүн атайын түзүлгөн коомдук комиссиянын материалдары каралды. Анан буга кошумча диссертант бийликти коргогон соттун чечимдерин анализдеп, басма сөзгө каршы болгон аракеттерди аныктады.

Иштин аягында автор жекече алынган илимий натыйжаны белгиледи. Муну тезис катары айтсак, мындай болот. Биринчиден, түштүк региондогу басма сөз тармактын материалдары биринчи жолу илимий иштин курамында иликтенди. Экинчиден, медиа тармактын экстремалдык учурда жүргүзгөн иштери өз алдынча илимий изилдөөдөн өткөрүлдү. Үчүнчүдөн, медиа каражаттарды арналган мониторингтердин жана коомдук комиссиянын түштүк регионго тиештүү материалдары илимий чөйрөгө киргизилди. Төртүнчүдөң, бийликти журналисттерден коргогон соттун чечимдерине анализ берили. Бешинчиден, маалымат каражаттарды болуүдөгү тарыхый этаптар такталды.

М.Мамырованын ишинде принципиалдык түрдөгү каталар жок. Тема актуалдуу. Методология аныкталды. Коюлган маселелер чечилди. Илимий жаңылык бар. Диссертациянын материалдары апробациядан өттү - чет

өлкөдөгү илимий журналдарга макалалар чыкты; өлкөдөгү рейтинг бар илимий журналдарга макалалар басылды, илимий конференцияларда докладдар жасалды.

Академик А.Акматалиевдин бул диссертацияга карата деталдуу түрдө берилген сунуштары кабыл алынып, иш такталды жана толукталды.

Мамырова Махабат Каримовнанын диссертациясын адистештирилген кеңешке коргоого сунуш кылууга негиз бар. Ишти коргоого сунуштайм.

**Илимий жетекчи** **Мамбеталиев К.И.**

**филология илимдеринин доктору**

1- сентябрь, 2022-жыл.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ

ОТДЕЛ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ